**С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин**

**Чет тилдери жана компьютердик системаларды программалоо колледжинде өткөрүлгөн педагогикалык кенешменин**

# №2 ПРОТОКОЛУ

**07.10.2025**

**Катышкандар:**

Директор – Б.Осмонова, окуу иштери боюнча директордун орун басары-Турдубек кызы М. Окутуучулар- Болотбек уулу А., Төрөбек уулу Ш., Жыргалбекова К., Асан уулу Аскат, Султанбекова А.А., Кулназаров И., Усеналиева Г.С., Кадырова Ж.С.,
Катчы – Салыкова Ж.М..

**Күн тартибиндеги каралуучу маселелер:**

1. 2025-2026-окуу жылына карата колледждин иш планын, педагогикалык кеңештин иш планын, уюштуруучулук-тарбиялык иш пландарын талкуулоо жана бекитүү
2. Окуу дисциплинасы боюнча билим берүү процессинин сапатын контролдоо жана өз ара сабактарга катышуунун жобосун бекитүү
3. Академиялык этиканын принциптери, жүрүм-турум маданияты, коопсуздук жана дресс-коду жөнүндө усулдук сунуштамасын талкуулоо жана бекитүү
4. Студенттердин маданий мурас изилдөөчүлүк иши жөнүндөгү жобосун бекитүү
5. Насаатчылык жөнүндө усулдук сунуштамасын талкуулоо жана бекитүү, жаш окутуучуларга насаатчыларды бекитүү
6. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясынын жобосун бекитүү
7. Башка маселелер

**Угулду:** Колледждин директору Б.Осмонова – Окуу процессин уюштурууда жана иш алып барууда иш пландардын мааниси чоң экенин айтып, аларды бекитүү зарыл экенин айтып өттү. Окуу иштери боюнча директордун орун басары М.Турдубек кызы 2025-2026-окуу жылына карата педагогикалык кеңештин иш планы менен жалпы окутуучуларга тааныштырып, алардын сунуш пикирлери угулду. Ошондой эле тарбия иштери боюнча директордун орун басары А.К.Эшенкулованын 2025-2026-окуу жылына карата түзүлгөн иш планы менен дагы тааныштырылды. Буга чейин Айсулуу Кожонбековна кураторлор менен жыйын өтүп ар бир куратордун жекече иш планын карап чыгып ошолордун негизинде түзүлгөндүгүн айтып өттү. Жалпы окутуучулардын сунуш пикирлерин угуу менен бекитүүгө сунушталды. Ошондой эле быйылкы окуу жылында 230701 Колдонмо информатика адистигинин Веб программалоо жана компьютердик дизайн профили, Айыл чарбасындагы IOT (нерселердин интернети) жана Жасалма интеллект профилдери НМУнун окумуштуулар кеңешинде каралып бекитилди. Кийинки 2026-2027-окуу жылына студенттерди кабыл алууга боло турганын айтып, окутуучуларды ушул адистиктер боюнча квалификациялык билимдерин жогорулатыш керек экендигин баса белгиледи.

Директор окуу дисциплинасы боюнча билим берүү процессинин сапатын контролдоо жана өз ара сабактарга катышуунун жобосу менен тааныштырды. Мында билим берүү процессинин сапатын жогорулатуу, мугалимдердин кесиптик чеберчилигин өнүктүрүү жана тажрыйба алмашууну күчөтүү экендиги белгиленди.

Тарбия иштери боюнча А.К.Эшенкулова академиялык этиканын принциптери, жүрүм-турум маданияты, коопсуздук жана дресс-коду боюнча иштелип чыккан усулдук сунуштаманы сунуштады. Сунуштамада студенттер менен окутуучулардын академиялык чынчылдыгын, маданияттуулугун жана коопсуз жүрүм-турумун камсыз кылуу.

Студенттердин маданий мурас багытындагы изилдөөчүлүк ишинин максатын, милдеттерин жана уюштуруу тартибин түшүндүрүп өттү. Бул жободо студенттердин улуттук маданий баалуулуктарды изилдөө, сактоо жана жайылтуу боюнча ишмердүүлүгүн уюштуруу, практикалык жана илимий багыттагы долбоорлорду ишке ашыруу, жергиликтүү маданий объекттерди изилдөө каралгандыгы белгиленди.

Ошондой эле Айсулуу Кожонбековна насаатчылык боюнча иштелип чыккан усулдук сунуштаманы сунуштады. Документте жаш окутуучуларды колдоо, тажрыйбалуу мугалимдердин жетекчилигин уюштуруу жана кесиптик өнүгүүнү камсыз кылуу жолдору көрсөтүлгөн. Ошонун негизинде колледждеги жаш окутуучулардын ишмердүүлүгүн, педагогикалык окутуу жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында насаатчылар дайындалды.

Исмакеева С.М.- насаатчы Эшенкулова А.К.

Султанбекова А.А.- насаатчы Эшенкулова А.К.

Жыргалбекова К.Ж.- насаатчы Жапарова К.Э.

Акжол кызы Ж.- насаатчы Жапарова К.Э.

Рахматова Н.- насаатчы Чоробаева Н.А.

Кулназаров И.- насаатчы Осмонова Б.М.

Абдырахманова Н.- насаатчы Усеналиева Г.С.

Таалайбек уулу Э- насаатчы Акылбеков Ч.А.

Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясынын жобосу менен жалпы окутуучуларга тааныштырылып, жободо мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясынын ишинин максаты, милдеттери, аткаруу этаптары, жетекчи дайындоо, коргоо тартиби жана баалоо критерийлери көрсөтүлгөндүгү белгиленди.

Колледждин педагогикалык кенешмеси жогорудагыларды угуп жана талкуулап төмөнкүдөй

**токтом кылат:**

1. 2025-2026-окуу жылы үчүн колледждин иш планы жана уюштуруучулук-тарбиялык иш планы бекитилсин.
2. Окуу дисциплинасы боюнча билим берүү процессинин сапатын контролдоо жана өз ара сабактарга катышуунун жобосу бекитилсин.
3. Академиялык этиканын принциптери, жүрүм-турум маданияты, коопсуздук жана дресс-коду жөнүндө усулдук сунуштама бекитилсин, бардык студенттер арасында тааныштыруу иш-чаралары жүргүзүлсүн.
4. Студенттердин маданий мурас изилдөөчүлүк иши жөнүндөгү жобосу бекитилсин.

5. Насаатчылык боюнча усулдук сунуштама бекитилсин жана колледжде ишке ашыруусу окуу жылынын башынан баштап киргизилсин.
6. Жаш окутуучуларга насаатчылар дайындалсын.
7. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясынын жобосу бекитилсин жана жобого ылайык иш жүргүзүлсүн.

Директор Осмонова Б.М.

Катчы Салыкова Ж.М.